Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын 10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган «Текстеги синтаксистик параллелизм» аттуу темадагы диссертациясына И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен Х.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин алдындагы докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо боюнча 10.19.594 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү А.Э.Абдыкеримованын

ПИКИРИ

I. Теманын адистикке дал келиши. С.Ж. Тургунбаеванын «Текстеги синтаксистик параллелизм» аттуу диссертациясы өзүнүн обьектиси, предмети, изилдөө методдору боюнча Д.10.19.594 Диссертациялык кеңештин багытына, профилине туура келет.

Иште когнитивдик-логикалык жана конструктивдик-стилистикалык фигура болгон синтаксистик параллелдүүлүктүн репрезентативдик материал катары түрдүү тилдердеги паремиялардын мисалында когнитивдик синтаксистин позициясынан иликтөөгө алынышы, атап айтканда, синтаксистик параллелдүүлүктүн маани-маңызынын көрсөтүлүшү, провербиалдык каражаттардын негизинде тил ичиндеги жана тил аралык когнитивдик-синтаксистик параллелдүүлүктүн айрым түрлөрүнүн мүнөздөлүшү, паремия аралык параллелдүүлүктүн логикалык коммуникативдик, когнитивдик, тилдик негиздеринин аныкталышы жана паремиялардагы семантикалык инварианттуулуктун ар кыл тилдерде трансформациялануу көрүнүштөрүнүн иликтөөгө алынышы 10.02.19 – тилдин теориясы адистигинин паспортундагы Синтаксис жана Семантика пункттарында көрсөтүлгөн багыттарга шайкеш келет.

Изилдөөнүн максаты – бир тил ичиндеги жана тил аралык синтаксистик параллелдүүлүктүн менталдык-логикалык айрым түрлөрүн жана касиеттерин когнитивдик синтаксистин негизинде аныктоо.

Изилдөөнүн обьектиси катары паремиялардагы когнитивдик-синтаксистик пареллелдүүлүк кубулушу алынган.

Изилдөөнүн методдору – теориялык методдор: салыштыруу, сыпаттоо, аналогия, жалпылоо, типтештирүү, анализ, синтез, формалдаштыруу, моделдештирүү; эмпирикалык методдор: жыйноо, байкоо, каттоо, системалаштыруу, чечмелөө, которуу методдору.

Диссертациянын мазмуну, коргоого коюлуп жаткан жоболор да 10.02.19 – тилдин теориясы адистигинин талаптарына жооп берет.

II. Теманын актуалдуулугу.

Азыркы учурдагы лингвистикалык изилдөөлөр салт болуп калган система-структуралык парадигмага эмес, коммуникативдик, когнитивдик

8-10-19

парадигмага басым койгону менен мүнөздөлүүдө. Буга байланыштуу, тилдин бардык деңгээлдерин координациялоо, анын негизинде маалымат жаратуу, берүү жана алууга кызмат кылган синтаксистин алкагындагы көп маселелерди жаңы аспектилерден карап, ар тараптуу изилдөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Алардын катарына синтаксис маселелерин салттуу аспектиде эмес, когнитивдик аспектиде кароо да кирет.

Тилдеги когнитивдик-логикалык жана конструктивдик-стилистикалык фигура болгон синтаксистик параллелдүүлүктүн сүйлөм ичиндеги, сүйлөм аралык, текст аралык түрлөрүнүн жана касиеттеринин буга чейин аныкталбагандыгы, синтаксистик-лоикалык жана когнитивдик пропозициянын улуттук синтаксисте ар тараптуу иликтөөгө алынбагандыгы, паремиялардын мисалында сүйлөмдөгү когнитивдик-логикалык бирдейлик менен параллелдүүлүктүн бир тил ичиндеги жана тил аралык спецификасынын изилденбегендиги, сүйлөмдөрдөгү субъект, предикат, обьект категорияларынын параллелдүүлүк көрүнүштөрүнүн буга чейин талдоого алынбагандыгы жана кайталоо параллелдүүлүктү жаратуучу лингвостилистикалык каражат катары лингвокогнитивдик аспектиде сыпаттала электиги бул иштин актуалдуу экенин көрсөтөт.

III. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары

Иш бул багыттагы кийинки изилдөөлөр үчүн маниге ээ боло турган, илимий мүнөздө негизделген төмөнкүдөй жыйынтыктарга ээ:

1-жыйынтык. Параллелдүүлүк түшүнүгү, аны изилдөөнүн аспектилери синтаксис, когнитивдик лингвистика, когнитивдик синтаксис жана лингвопаремиология маселелери менен да тыгыз байланышта каралууга тийиш (1.1., 1.2., 1.3., 1.4., 1.5., 1.6.).

2-жыйынтык. Тилдеги жана тексттеги параллелдүүлүктүн башаты менталдык дүйнөдө константалык-архетиптик маани (инвариант) катары орун алып, ойтутумдагы ассоциациялык окшоштук жана шайкештик текстте (кепте) тиешелүү материалдык формада берилет (2.2., 2.3.).

3-жыйынтык. Ой жүгүртүүдөгү, логикадагы, эстутумдагы концептуалдык ассоциациялар менталдык пропозиция болуу менен, тилдик параллелдүүлүктүн башатын түзөт (2.4., 2.5., 2.6.).

4-жыйынтык. Менталдык окшоштук, пропозиция окшош, тектеш, прототиптүү когнитеманы пайда кылат жана анын вербалдашуусу изоморфтуу семантикалык-конструктивдик түргө ээ (3.1. – 3.10).

5-жыйынтык. Параллелдүүлүк когнитивдик синтаксистин алкагында деле ойду тактоо, дааналоо, обочолонтуп жиктөө, өзгөчөлөп бөлүп көрсөтүү, экспрессивдүүлүк, көркөмдүк функцияларды аткарат (2.5., 3.1.-3.10)

IV. Изденүүчүнүн диссертациядагы илимий жыйынтыктарынын (жоболорунун), корутундуларынын негизделиши жана ишенимдүүлүгү.

1-жыйынтык илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, себеби жалпы тил илими, синтаксис, когнитивдик лингвистика, лингвопаремиология, лингвокогнитология боюнча илимий-теориялык булактардан алынган материалдарга таянуу жана аларга өз алдынча көз караш менен мамиле жасоонун негизинде чыгарылган.

2-3-жыйынтыктар илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, анткени синтаксистин, когнитивдик лингвистиканын, логиканын, семантиканын принциптерине, теориялык-методологиялык жоболоруна таянуу менен, паремиологиялык материалдарды талдоодон келип чыккан бүтүмдөргө негизделген.

4-жыйынтык илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, анткени менталдык окшоштук, пропозиция окшош, тектеш, прототиптүү когнитеманы пайда кылары жана анын вербалдашуусу изоморфтуу семантикалык-конструктивдик түргө ээ экени паремиологиялык материалдардагы карама-каршы семантикадагы дихотомиялардын, константалардын, архетиптердин негизинде синтаксистин, когнитивдик лингвистиканын, логиканын, семантиканын принциптерине, теориялык-методологиялык жоболоруна таянуу менен чыгарылган.

5-жыйынтык да илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, себеби жалпы текстгик лингвистика, семантика, когнитивдик синтаксис стилистика боюнча илимий-теориялык булактардан алынган материалдарга таянуу менен репрезентациялык материалдарды талдоонун негизинде чыгарылган.

V. Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жаңылык деңгээли

1-жыйынтыкты жарым-жартылай жаңы деп эсептөөгө болот, анткени параллелдүүлүк түшүнүгү, аны изилдөөнүн аспектилери, анын ичинде синтаксис, когнитивдик лингвистика, когнитивдик синтаксис жана лингвопаремиология маселелери менен да тыгыз байланышта каралууга тийиш экендиги буга чейин бир катар илимий-теориялык адабияттарда, анын ичинде иштин обзордук 1-бабында белгиленген эмгектерде көрсөтүлгөн.

2-жыйынтыкты жаңы деп эсептөөгө болот, анткени тилдеги жана текстгеги параллелдүүлүктүн башаты менталдык дүйнөдө константалык-архетиптик маани (инвариант) катары орун алып, ойтутумдагы ассоциациялык окшоштук жана шайкештик текстте (кепте) тиешелүү материалдык формада берилери азыркы улуттук тил илимибизде буга чейин каралбаган.

3-жыйынтык жаңы болуп саналат, себеби ой жүгүртүүдөгү, логикадагы, эстутумдагы концептуалдык ассоциациялар менталдык

пропозиция болуу менен, тилдик параллелдүүлүктүн башатын түзөрү бул иште алгач ирет кеңири иликтөөгө алынган.

4-жыйынтыкты жарым-жартылай жаңы деп эсептөөгө негиз бар, анткени менталдык окшоштук, пропозиция окшош, тектеш, прототиптүү когнитеманы пайда кылары жана анын вербалдашуусу изоморфтуу семантикалык-конструктивдик түргө ээ экени менталингвистика, коггнитивдик лингвистика боюнча илимий-теориялык адабияттарда белгиленген.

5-жыйынтыкты да жарым-жартылай жаңы деп эсептөөгө болот, анткени кайсы деңгээлдеги пареллелдүүлүк болбосун, ойду тактоо, дааналоо, обочолонтуп жиктөө, өзгөчөлөп бөлүп көрсөтүү, экспрессивдүүлүк, көркөмдүк функцияларды аткарары стилистика, лингвостилистика, синтаксис боюнча эмгектерден белгилүү.

VI. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблемага, теориялык же колдонмо маселелерге багытталышын баалоо

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар ички биримдикке, улантуучулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маани-маңыздык байланыштуулукка ээ.

С.Ж.Тургунбаеванын диссертациялык иши кыргыз тил илиминде буга чейин изилдөөгө алына элек маселеге багытталышы, башкача айтканда, синтаксистик параллелдүүлүктүн түрдүү тилдердеги паремиялардын мисалында когнитивдик синтаксистин позициясынан иликтөөгө алынышы иштин жыйынтыктарынын, материалдарынын, жоболорунун, негизинен, илимий изилдөөчүлүк жана жогорку окуу жайларда когнитивдик лингвистика, синтаксис, лингвопаремиолоия, менталингвистика боюнча билим берүүчүлүк маниге ээ болушун шарттаган.

VII. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, мазмунунун жетиштүү санда жарык көрүшү

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, жыйынтык-корутундулар КР ЖАКнын тизмесине кирген же индекстелген системага кирген басылмаларда диссертанттын жеке авторлугу менен жарык көргөн 1 жана авторлош 7 илимий макалада, ошондой эле илимий конференцияларда окулган докладдарда чагылдырылган.

VIII. Автореферaттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши

Автореферат диссертациялык иштин мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине, негизинен, шайкеш келет. Авторефератка коюлуучу талаптар сакталган.

IX. Диссертациянын мазмунунда жана түзүлүшүндө кездешкен кемчиликтер.

Диссертация боюнча сын-пикир, сунуш-кеңеш катары төмөнкү жагдайларды көрсөтүүгө болот:

1. Иште иликтөөгө алынган маселелердин алкагына салыштырмалуу алганда, тема кеңири жана жалпы мүнөзгө ээ.
2. Киришүү бөлүмүндө теманын актуалдуулугун конкреттештирип күчөтүү зарыл.
3. Иштин алдына коюлган милдеттердин бири катары синтаксистик параллелизмдин толук аныктамасын иштеп чыгуу белгиленип, изилдөөдөн алынган натыйжалардын арасында бул жагдай көрсөтүлөт. Бирок иштен синтаксистик параллелдүүлүктүн толук, конкреттүү аныктамасын учурата алган жокпуз.
4. «Когнитивдик синтаксистин жалпы теориядагы орду» деп аталган 1.1.1. бөлүмчөдө синтаксистин салааларын кыскача мүнөздөп отуруунун принципиалдуу түрдөгү зарылдыгы деле жок, анын ордуна когнитивдик синтаксис боюнча кеңири сыпаттоо берилсе, иштин илимий-теориялык деңгээли үчүн алгылыктуу болмок. 1.3. бөлүмчөдө да когнитивдик лингвистиканын негизги категориясы болгон концепт түшүнүгү, анын мазмуну боюнча түрлөрү тууралуу буга чейин когнитивдик линвистика багытындагы эмгектерде айтылып жүргөн ой-пикирлерди, жоболорду, сыпаттамаларды кайра кайталап берүүнүн кажети жок эле.
5. Паремия жана макал, лакап түшүнүктөрүнүн так дифференцияланбай, аралаш, көп учурда синоним катары колдонулушу туура эмес деп эсептейбиз. Паремия – макал-лакаптан башка да көрүнүштөрдү камтыган кеңири түшүнүк.
6. Башка тилдерден мисал катары келтирилген паремиялар теориялык көз караш, жоболорду толук кандуу ырастай алары күмөн жаратат. Анткени алар оригинал вариантында эмес, орусча котормосунан диссертант тарабынан кыргызчага которулуп берилген. Мындай шартта негизги ой, пропозиция сакталганы менен, синтаксистик структурасы, анын ичинде параллелдүүлүк диссертанттын көз карашына ылайыкташтырылып берилиши да ыктымал.
7. Айрым бир орфографиялык, пунктуациялык каталар учурайт.

X. Диссертациянын КР ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун» талаптарына ылайык келиши

Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын 10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук

даражасын изденип алуу үчүн жазган «Тексттеги синтаксистик параллелизм» деген темадагы диссертациясы тиешелүү деңгээлде аткарылган, улуттук тил илими үчүн теориялык жана практикалык маниге ээ болуучу маселелерди камтыган илимий-квалификациялык эмгек болуп саналат жана КР ЖАКнын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет. Диссертант жогоруда белгилеген жагдайларды ылайыгына жараша кайра карап чыгуу шарты менен, Диссертациялык кеңешке диссертацияны 10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча коргоого кабыл алууга жана ачык коргоого коюуга сунушталат.

XI. Жетектөөчү мекемени, расмий оппоненттерди дайындоо боюнча сунуш.

С.Ж.Тургунбаеванын диссертациялык иши боюнча:

жетектөөчү мекеме катары КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту;

биринчи расмий оппонент катары филология илимдеринин доктору, профессор Ч.К.Найманова;

экинчи расмий оппонент катары филология илимдеринин кандидаты, доцент Ч.Х.Хидирова сунуш кылынат.

Эксперттик комиссиянын
мүчөсү,фил. илимд. докт., доцент А.Э.Абдыкеримова

ЫРАСТАЙМЫН

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д10.19.594 диссертациялык кенешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин кандидаты, доцент Б.А.Жайлообаевдин Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын «Текстттеги синтаксистик параллелизм» аттуу 10.02.19 - тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденин алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине берген

КОРУТУНДУ ПИКИРИ

1. Теманын адистикке дал келиши. Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын «Текстттеги синтаксистик параллелизм» аттуу кандидаттык диссертациясы 10.02.19 – тилдин теориясы адистигине туура келет.

2. Изилдөөнүн актуалдуулугу биринчиден, жаңы калыптанып келаткан когнитивдик синтаксис багытынын теориялык жоболору жана принциптеринин негизинде иликтөө жүргүзүлгөндүгү менен, ошондой эле төмөндөгү маселелер менен аныкталат: 1) синтаксис менен логиканын, когнициянын, менталитеттин байланыштары изилдене электиги; 2) этностордун ойлоосуна мүнөздүү жалпы түзүмдөрдүн, туруктуу формулалардын, параллелдүү моделдердин кыргыз лингвистикасында изилденбей келиши; 3) синтаксистик-логикалык жана когнитивдик пропозициянын кыргыз синтаксисинде ар тараптан толук иликтенбегендиги, анын менталдык-грамматикалык моделдештирүүгө болгон катышынын каралбагандыгы; 3) синтаксистик параллелдүүлүктүн сүйлөм ичиндеги, сүйлөм аралык, текст аралык түрлөрүнүн жана касиеттеринин аныкталбагандыгы; 4) сүйлөмдөгү когнитивдик-логикалык бирдейлик менен жакындыктын тил ичиндеги, тилдер аралык бөтөнчөлүктөрүнүн атайын изилденбегендиги; 5) этнос аралык түзүмү-мааниси боюнча бирдей, окшош же жандаш пикирлердин провербиалдык каражаттарда берилишинин ар тараптан талданбагандыгы; 6) кайталоо фигурасынын синтаксистик паралелдүүлүктү түзүүчү зарыл лингвостилистикалык каражат экендигинин лингвокогнитивдик өңүттө атайын сыпатталбагандыгы түзөт.

Изилдөөнүн объектиси – когнитивдик-синтаксистик параллелизм кубулушу.

Изилдөөнүн предмети - мындай параллелдүүлүктүн бир тилдик, тил аралык моделдери, типтери жана менталдык-логикалык мазмуну.

Изилдөө учурунда эмпирикалык (жыйноо, каттоо, системалаштыруу, чечмелөө, байкоо, лингвистикалык эксперимент, которуу ж.б), теориялык (сыпаттоо, салыштыруу, аналогия, жалпылоо, типтештирүү, анализ, синтез, индукция, дедукция, формалдаштыруу, моделдештирүү ж.б.) методдор колдонулган.

7-10-19

Изилдөөнүн максаты – тил аралык синтаксистик параллелизмдин менталдык-логикалык айрым түрлөрүн жана касиеттерин лингвокогнитологиянын негизинде аныктоо. Коюлган максатты жүзөгө ашыруу үчүн изилдөөдө төмөнкү **милдеттер** коюлат:

1) синтаксистик параллелизмдин толук аныктамасын иштеп чыгуу;

2) бул когнитивдик-логикалык жана конструктивдик-стилистикалык фигуранын негизги касиеттерин белгилөө, түрлөрүн жиктеп ажыратуу жана алардын байланыштарынын жандаштыгын сыпаттап чыгуу; сүйлөм мүчөлөрүнүн, сөз айкаштарынын жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдөгү параллелдүүлүктүн маани-маңызын белгилөө;

3) провербиалдык каражаттардын негизинде тил ичиндеги жана тил аралык когнитивдик синтаксистик параллелдүүлүктүн айрым түрлөрүн мүнөздөп берүү;

4) поэтикалык текстте сап, строфа аралык бирдейликтин жана окшоштуктун жаралуу максатын, жолдорун жана маани-маңызын аныктап көрсөтүү; паремия аралык параллелизмдин логикалык, коммуникативдик, когнитивдик, тилдик негиздерин айкындоо;

5) паремияларды сыпаттоодо константа, архетип, прототип, инвариант, пропозиция (когнитема) ж.б. түшүнүктөрдү пайдаланып, алардын маани-маңызын ачып берүү; кээ бир паремиялардын фреймдик-сценарийдик мазмунун талдоо;

6) ойлоо механизмдериндеги жандаш бирдейликтин жана окшоштуктун семантикалык-конструктивдик каражаттарда берилишин ачыктоо;

7) кайталоону, рифманы, ритмиканы – параллелдүүлүктү уюштуруучу зарыл каражаттар катары мүнөздөп чыгуу.

<u>3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары.</u>

Иштеги алынган теориялык **жаңы натыйжаларга** 1) синтаксистик параллелдүүлүктүн толук аныктамасынын берилиши, тилдик каражаттардын (тыбыштардын, муундардын, морфемалардын, сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сүйлөм мүчөлөрүнүн, сүйлөмдөрдүн, строфалардын ж.б.) параллелдүүлүгүн ойтутумдагы жана ой жүгүртүүдөгү логикалык-когнитивдик параллелдүүлүктүн репрезентативдери же экспоненттери катары аныкталышы; 2) бир тилдик жана тил аралык каражаттарда берилүүчү когнитивдик-логикалык параллелдүүлүктүн маани-маңызынын жана түрлөрүнүн ачыкталышы; 3) түрдүү паремиялык тексттерде этностун параллелдүү ой жүгүртүүлөрүнүн тилдик каражаттар аркылуу репрезентацияланышынын көрсөтүлүшү; 4) фреймдин табышмакта "жашырылып" берилишиндеги параллелдүүлүктүн өзгөчөлүктөрүнүн сыпатталышы; 5) жандаш бирдейликтин жана окшоштуктун менталдык, лингвостилистикалык, экспрессивдик-эмоциялык, образ көркөмдөөчүлүк касиеттеринин толук мүнөздөлүшү; 6) паремиялардагы айрым тил аралык жана этнос аралык менталдык-вербалдык жалпылыктардын аныкталышы кирет.

<u>4. Диссертациядагы жыйынтыктардын жана корутундулардын илимий жактан негизделиши.</u>

1-жыйынтык. Тилдеги жана текстеги параллелдүүлүктүн башаты менталдык дүйнөдө константалык-архетиптик маани катары жайгашып, ойтутумдагы жандаш (ассоциативдик) бирдейлик жана окшоштук кепке жана текстке чыгып өзүнө ылайык материалдык турпатка ээ болорлугу илимий иликтөөлөрдүп негизинде ар тараптан толук аныкталган.

2-жыйынтык. Логикадагы, ой жүгүртүүдөгү, эс казынасындагы жандаштыктар тилдик параллелдүүлүктүн түпкүрүн түзүп, кептеги бирдейликтерге, окшоштуктарга негиз болорлугу 2-бапта иликтөөлөрдүн негизинде жана факты-материалдар аркылуу белгиленген.

3-жыйынтык. Менталдык окшоштук бир тилдик, тил аралык жана эл аралык параллелдүү катыштагы провербиалдык түзүлүштөрдү пайда кыларлыгы факты- материалдар менен далилденген.

4-жыйынтык. Параллелдүүлүктүн тилдик негизги кызматтарына ойду тактоочулук, дааналоочулук, обочолонтуп жиктөөчүлүк, өзгөчө белгилөөчүлүк, көркөмдөөчүлүк функциялары ар тараптуу иликтөөлөр аркылуу аныкталган.

5-жыйынтык. Когнитивдик-синтаксистик параллелдүүлүк поэтикалык текстерге мүнөздүү көрүнүш экендиги көптөгөн факты-материалдар аркылуу белгиленген.

6-жыйынтык. Паремиялардагы когнитивдик-логикалык параллелдүүлүктөрдүн улут аралык паремиялык пикир-пропозицияларда берилиши тектеш жана тектеш эмес тилдердин паремияларынын негизинде изилденген.

5. Сунушталган жыйынтыктардын жаңылык деңгээли.

1-жыйынтык жаңы деп айтууга болот, анткени тилдеги жана текстеги параллелдүүлүктүн башаты менталдык дүйнөдө константалык-архетиптик маани катары жайгашып, ойтутумдагы жандаш (ассоциативдик) бирдейлик жана окшоштук кепке жана текстке чыгып өзүнө ылайык материалдык турпатка ээ болорлугу мурунку изилдөөлөрдө толук ачылбай келген.

2-жыйынтык жаңы, логикадагы, ой жүгүртүүдөгү, эс казынасындагы жандаштыктар тилдик параллелдүүлүктүн түпкүрүн түзүп, кептеги бирдейликтерге, окшоштуктарга негиз болорлугу бул иште терең иликтөөлөрдүн негизинде жана факты-материалдар аркылуу далилденген.

3-жыйынтык жаңы, менталдык окшоштук бир тилдик, тил аралык жана эл аралык параллелдүү катыштагы провербиалдык түзүлүштөрдү пайда кыларлыгы бир канча тилдердин мисалында тастыкталган.

4-жыйынтык салыштырмалуу жаңы деп белгилөөгө болот, анткени параллелдүүлүктүн тилдик негизги кызматтарына ойду тактоочулук, дааналоочулук, обочолонтуп жиктөөчүлүк, өзгөчө белгилөөчүлүк, көркөмдөөчүлүк функциялары буга чейин тил илиминде, ошондой эле кыргыз тил илиминде да айтылып келген.

5-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, анткени когнитивдик-синтаксистик параллелдүүлүк поэтикалык тексттерге мүнөздүү көрүнүш экендиги айрым чет өлкөлүк изилдөөлөрдө белгиленип келе жатат.

6-жыйынтык жаңы, анткени паремиялардагы когнитивдик-логикалык параллелдүүлүктөрдүн улут аралык паремиялык пикир-пропозицияларда берилиши тектеш жана тектеш эмес тилдердин паремияларынын негизинде аныкталган. Этнос аралык жана бир тилдеги паремиялык пропозицияларды изилдөөнүн булактары катары көптөгөн эл аралык булактар бул иште алгачкы ирет колдонулган.

6. Алынган жыйынтыктардын теориялык жана колдонмо багыттарга тиешелүү маселелерди чечүүдөгү наркы.

Ар тараптуу иликтөөнүн негизинде алынган жоболордун жана жыйынтыктардын натыйжасында тил илиминде тилдик параллелдүүлүктүн жалпы маанисинин, түрлөрүнүн, кызматынын аныкталышы жана изилдөө үчүн металингвистиканын жана когнитивдик тил илиминин жоболорунун пайдаланышы илимий иштин теориялык баалуулугу болуп саналат.

7.Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.

Иштин практикалык мааниси бар. Иштеги материалдар практикалык синтаксис, стилистика сабактарында колдонулса болот.

8.Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарыяланышы.

Диссертациянын негизги мазмуну изденүүчүнүн төмөндөгү илимий эмгектеринде чагылдырылган:

1. Тургунбаева С.Ж. Тексттеги антонимдик параллелдер [Текст] / С.Ж.Тургунбаева//ОшМУнун жарчысы.–2015. -№ 4. –277-279-б. Сайт: www.oshsu. kg
2. Тургунбаева С.Ж. Пропозициально-когнитемное строение пословичного предложения [Текст]/С.Ж.Тургунбаева, Т.У.Каримова// Современные тенденции развития науки и технологий. – 2017. - № 3-5. –110-113-б. Сайт: www. issledo. ru
3. Тургунбаева С.Ж. Об основных подходах к изучению синтаксиса [Текст] / Ж.Э.Элчиев, С.Ж.Тургунбаева// Современные тенденции развития науки и технологий. –2017. - № 3-5. –138 -143-б. Сайт: www. issledo. ru
4. Тургунбаева С.Ж. Макал-лакап сүйлөмдүн когнитивдик маанилик түзүлүшү [Текст] / Ж.Э.Элчиев, С.Ж.Тургунбаева // Языки в диалоге культур. – Бишкек. –2017. –148-150-б.
5. Тургунбаева С.Ж. Когнитивдик-синтаксистик параллелизмдин тил аралык мүнөздө болушу жөнүндө [Текст]/К.З.Зулпукаров, С.Ж.Тургунбаева // Известия вузов Кыргызстана.–2018. -№ 3. –150-152-б. Сайт: www.science-journal.kg

6. Тургунбаева С.Ж. Паремиялардагы параллелдүүлүк жана анын фрейм жана сценарий түзүүдөгү ролу [Текст]/С.М.Амиралиев, С.Ж.Тургунбаева // Известия вузов Кыргызстана. –2018. -№ 3. –185-187-б. Сайт: www.science-journal.kg

7. Тургунбаева С.Ж. Синтаксистик параллелдүүлүктү жаратуучу кээ бир каражаттар [Текст]/Г.Ж.Абдимиталипова, С.Ж.Тургунбаева//Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. –2018. -№ 5. –201-205-б. Сайт: www.science-journal.kg

8. Тургунбаева С.Ж. Паремиялык пропозициянын дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөтүндөгү орду [Текст]/С.М.Амиралиев, С.Ж.Тургунбаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. –2018. -№ 5. –210-212-б. Сайт: www.science-journal.kg

9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.

Авторефератта диссертациянын негизги мазмуну кыскача чагылдырылган. Автореферат диссертацияга шайкеш келет.

10. Диссертациялык иштин мазмунунда жана түзүлүшүндө кездешкен кемчиликтер.

1. Иште диссертант азыркы синтаксис илиминин багыттары боюнча пикирлерин билдирген. Булар, биздин оюбузча, кыйла эле майдаланып кеткендей (17-24).

2. Иште так эмес маалыматтар да бар. Мисалы, бүгүнкү күндо семантикалык синтаксис багыты боюнча Кыргызстанда иштеп жаткан окумуштуулардын арасына доцент Г.Ш.Абдразакова да киргизилет (22-б.). Доцент Г.Ш.Абдразакова семантикалык синтаксис багыты боюнча эмес, когнитивдик лингвистика боюнча адис, изилдөөчү, бир нече окуу куралдардын, монографиялардын автору катары белгилүү. Тескерисинче, диссертацияда Кыргызстанда иштеп жаткан когнитивдик лингвистика боюнча окумуштуулардын тууралуу маалыматтар берилип, арасына ушул тармак боюнча бир нече окуу курал, монография жазган доцент Г.Ш.Абдразакова кирбей калганы өкүнүчтүү. Ошондой эле иште семантикалык жана моделдештирүү синтаксис боюнча Кыргызстандагы белгилүү окумуштуулар - проф.С.Н.Абдуллаев жана доцент А.Чолпонбаев да белгиленбей калган.

3. Колдонулган адабияттардын тизмесин кайрадан карап чыгуу зарыл. Маселен, иштин 86-бетинде диссертант текттин белгилери боюнча проф.Т.С.Маразыковдун эмгегине таянган. Бирок ал эмгек библиографияда көрсөтүлгөн эмес.

4. Диссертация "Текттеги синтаксистик параллелизм" деп аталат. Бирок иште текст, анын табияты боюнча диссертанттын көз карашы байкалбайт. Ал өзүнчө бөлүм же бөлүмчөдө сөз болсо жакшы болмок.

11.Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негиздемиши.

Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын «Тексттеги синтаксистик параллелизм» аттуу 10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча эксперттик комиссиянын мүчөсү, филология илимдеринин кандидаты, доцент Б.А.Жайлообаев төмөндөгүлөрдү сунуш кылат:

Жетектөөчү мекеме катары: Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспекти 265а .

Биринчи расмий оппонент – НаймановаЧолпон Капаровна, Кыргыз-Түрк Манас университети, Батыш Тилдер бөлүмүнүн башчысы, ф.и.д., проф.

Илимий эмгектери:

1. Найманова Ч. К. Symbolism in Ann Beattie's "Snow" /Символизм в рассказе Энн Битти «Снег». Научно-методический журнал «Проблемы современной науки и образования» 2016. № 38 (80) DOI: 0.20861/2304-2338-2016-80 Импакт-фактор РИНЦ: 2,13, с. 76-78.
2. Найманова Ч. К. К вопросу о когнитивном подходе к дискурсу. I международный лингвистический симпозиум «Язык, культура, этнос», 17 апрель, 2017, с. 369-375.
3. Найманова Ч. К. Синтаксические особенности рекламного дискурса в английском и кыргызском языках. Вестник Кыргызстана, № 2, 2017, с.132-137.
4. НаймановаЧ. К. Discourse Analysis of Ernest Hemingway's "A Day's Wait" /Дискурсивный анализ рассказа Эрнеста Хемингуэя «Ожидание»/. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 6, 2018, с. 165-169.
5. НаймановаЧ. К., Байжигитова А. Interpretation of the Concept of Successin English and Kyrgyz Viewof the World (basedon proverb sandsayings) /Реализация концепта «успех» в английской и кыргызской языковой картине мира (на основе пословиц и поговорок)/. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 6, 2018. с. 178-181.
6. Найманова Ч. К., Канатбек кызы Асель. Precedent Phenomenain Chingiz Aitmatov's works /Прецедентные феномены в произведениях Чингиза Айтматова /. Сборник научных статей, выпуск 16 «Лингвокультурные аспекты концептуальных исследований». К 70-летнему юбилею доктора филологических наук, профессора Валентины Авраамовны Масловой, Санкт-Петербург, 2018, с. 198-203.

Экинчи расмий оппонент – Хидирова Чолпонай Хабибуллоевна И.Арабаев ат. КМУ, Манастаануу жана лингвистика институтунун доценти

Илимий эмгектери:

1. Манас" эпосундагы атоочтуктардын синтаксистик функциялары. // Манастын миң жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциянын жыйнагы.- Бишкек, БГУ, 1996.
2. Кыргыз тилиндеги атоочтук формалар жөнүндө. // Түрк тилдеринин тили жана адабиятынын актуалдуу маселелери: Ч.Айтматовдун 75жылдыгына

арналган илимий-практикалык конференциянын жыйнагы.- Бишкек: БГУ, Түркология факультети, 1998.-85-89б.
3. Тутумдаш жана жайылма сүйлөм мүчөлөрү (атоочтуктардын негизинде). //Жаңы кылымдагы кыргыз мамлекеттүүлүгү жана илими. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 3000 жылдыгына арналган регионалдык илимий-практикалык конференциянын материалдары.-Бишкек: СГЭИ БатМУ, 2003.-37-41б.
5. Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" дастанын да 1,2,4- типтердеги изафеттик түрмөктөрдүн колдонулушу. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. Бишкек, 2016. №7.-284-288б.
6. Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" дастанын да 3- типтердеги изафеттик түрмөктөрдүн колдонулушу. // Известия вузов Кыргызстана Бишкек, 2016. №9.-194-200б.

12.Корутунду.

Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын **«Текстеги синтаксистик параллелизм» аттуу 10.02.19 – тилдин теориясы** адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулукдаражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши КРнын ЖАК тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д10.19.594 диссертациялык кенешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү катары Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын «Текстеги синтаксистик параллелизм» аттуу 10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин коргоого сунуштайм.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,
филология илимдеринин кандидаты,
доцент Б.А.Жайлообаев

Жайлообаев Б.А. колун ырастайм
АФС башчысы /Курманаева Н.Т./

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 10.19.594 диссертациялык кенешинин эксперттик комиссиясынын төрайымы, филология илимдеринин доктору, профессор Ч.К.Найманованын Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын «Тексттеги синтаксистик параллелизм» аттуу 10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине берген

КОРУТУНДУ ПИКИРИ

Диссертациялык кеңеште корголо турган кандидаттык диссертациянын адистикке тиешелүүлүгү.

Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын «Тексттеги синтаксистик параллелизм» аттуу 10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши 10.02.19 – тилдин теориясы адистигинин профилине дал келет.

Изилдөөнүн максаты катары тил аралык синтаксистик параллелизмдин менталдык-логикалык айрым түрлөрүн жана касиеттерин лингвокогнитологиянын негизинде аныктоо тандалып алынган.

Бул максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй конкреттүү милдеттер коюлуп, жеткиликтүү аткарылган:

1) синтаксистик параллелизмдин толук аныктамасын иштеп чыгуу;

2) когнитивдик-логикалык жана конструктивдик-стилистикалык фигуранын негизги касиеттерин белгилөө, түрлөрүн жиктеп ажыратуу жана алардын байланыштарынын жандаштыгын сыпаттап чыгуу; сүйлөм мүчөлөрүнүн, сөз айкаштарынын жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдөгү параллелдүүлүктүн маани-маңызын белгилөө;

6.10-19

3) провербиалдык каражаттардын негизинде тил ичиндеги жана тил аралык когнитивдик синтаксистик параллелдүүлүктүн айрым түрлөрүн мүнөздөп берүү;

4) поэтикалык текстте сап, строфа аралык бирдейликтин жана окшоштуктун жаралуу максатын, жолдорун жана маани-маңызын аныктап көрсөтүү; паремия аралык параллелизмдин логикалык, коммуникативдик, когнитивдик, тилдик негиздерин айкындоо;

5) паремияларды сыпаттоодо константа, архетип, прототип, инвариант, пропозиция (когнитема) ж.б. түшүнүктөрдү пайдаланып, алардын маани-маңызын ачып берүү; кээ бир паремиялардын фреймдик-сценарийдик мазмунун талдоо;

6) ойлоо механизмдериндеги жандаш бирдейликтин жана окшоштуктун семантикалык-конструктивдик каражаттарда берилишин ачыктоо;

7) кайталоону, рифманы, ритмиканы – параллелдүүлүктү уюштуруучу зарыл каражаттар катары мүнөздөп чыгуу.

Изилдөөнүн объектиси – когнитивдик-синтаксистик параллелизм кубулушу болуп саналат.

Изилдөөнүн методологиялык базасы жана методдору катары чет өлкөлүк жана мекендеш лингвисттердин, стилисттердин эмгектери, алардагы теориялык жоболор пайдаланылган. Изилдөө учурунда эмпирикалык (жыйноо, каттоо, системалаштыруу, чечмелөө, байкоо, лингвистикалык эксперимент, которуу ж.б), теориялык (сыпаттоо, салыштыруу, аналогия, жалпылоо, типтештирүү, анализ, синтез, индукция, дедукция, формалдаштыруу, моделдештирүү ж.б.) колдонулган. Бул ык- методдор изилдөөдөгү максатты ишке ашырууга жетишээрлик шарт түзгөн.

<u>2. Теманын актуалдуулугу.</u>

Тандалган теманын актуалдуулугун, тил илими үчүн зарылдыгы төмөндөгү изилдөө багыттары менен түшүндүрүлөт:

1) Синтаксистик-логикалык жана когнитивдик пропозициянын кыргыз синтаксисинде ар тараптан толук иликтенбегендиги, анын менталдык-грамматикалык моделдештирүүгө болгон катышынын каралбагандыгы;

2) синтаксистик параллелдүүлүктүн сүйлөм ичиндеги, сүйлөм аралык, текст аралык түрлөрүнүн жана касиеттеринин аныкталбагандыгы;

3) сүйлөмдөгү когнитивдик-логикалык бирдейлик менен жакындыктын тил ичиндеги, тилдер аралык бөтөнчөлүктөрүнүн атайын изилденбегендиги;

4) этнос аралык түзүмү-мааниси боюнча бирдей, окшош же жандаш пикирлердин провербиалдык каражаттарда берилишинин ар тараптан талданбагандыгы;

5) кайталоо фигурасынын синтаксистик паралелдүүлүктү түзүүчү зарыл лингвостилистикалык каражат экендигинин лингвокогнитивдик өңүттө атайын сыпатталбагандыгы түзөт.

<u>3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары.</u>

1) синтаксистик параллелдүүлүктүн толук аныктамасынын берилиши, тилдик каражаттардын (тыбыштардын, муундардын, морфемалардын, сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сүйлөм мүчөлөрүнүн, сүйлөмдөрдүн, строфалардын ж.б.) параллелдүүлүгүн ойтутумдагы жана ой жүгүртүүдөгү логикалык-когнитивдик параллелдүүлүктүн репрезентативдери же экспоненттери катары аныкталышы (2-бап);

2) бир тилдик жана тил аралык каражаттарда берилүүчү когнитивдик-логикалык параллелдүүлүктүн маани-маңызынын жана түрлөрүнүн ачыкталышы (2- бап /2.4, 2.6/, 3-бап /3.3, 3.5, 3.7/);

3) түрдүү паремиялык текстте этностун параллелдүү ой жүгүртүүлөрүнүн тилдик каражаттар аркылуу репрезентацияланышынын көрсөтүлүшү (2-бап, 3-бап);

4) фреймдин табышмакта “жашырылып” берилишиндеги параллелдүүлүктүн өзгөчөлүктөрүнүн сыпатталышы (2-бап);

5) жандаш бирдейликтин жана окшоштуктун менталдык, лингвостилистикалык, экспрессивдик-эмоциялык, образ көркөмдөөчүлүк касиеттеринин толук мүнөздөлүшү (2-бап);

6) паремиялардагы айрым тил аралык жана этнос аралык менталдык-вербалдык жалпылыктардын аныкталышы кирет (2-бап).

4. Диссертациядагы жыйынтыктардын жана корутундулардын илимий жактан негизделиши.

1-жыйынтык. Тилдеги жана тексттеги параллелдүүлүктүн башаты менталдык дүйнөдө константалык-архетиптик маани катары жайгашып, ойтутумдагы жандаш (ассоциативдик) бирдейлик жана окшоштук кепке жана текстке чыгып өзүнө ылайык материалдык турпатка ээ болорлугу көрсөтүлгөн. Алынган натыйжа илимий талдоонун негизинде ар тараптуу толук аныкталган.

2-жыйынтык. Логикадагы, ой жүгүртүүдөгү, эс казынасындагы жандаштыктар тилдик параллелдүүлүктүн түпкүрүн түзүп, кептеги бирдейликтерге, окшоштуктарга негиз болорлугу 2-баптагы 2.4, 2.6, 3.3, 3.5, 3.7 параграфтарда берилген талдоолор жана мисалдар аркылуу далилденген.

3-жыйынтык. Менталдык окшоштук бир тилдик, тил аралык жана эл аралык параллелдүү катыштагы провербиалдык түзүлүштөрдү пайда кыларлыгы мисалдар менен тастыкталган.

4-жыйынтык. Параллелдүүлүктүн тилдик негизги кызматтарына ойду тактоочулук, дааналоочулук, обочолонтуп жиктөөчүлүк, өзгөчө белгилөөчүлүк, көркөмдөөчүлүк функциялары ар тараптуу талдоолор аркылуу аныкталган.

5-жыйынтык. Когнитивдик-синтаксистик параллелдүүлүк поэтикалык тексттерге мүнөздүү көрүнүш экендиги мисалдар менен берилген талдоолор аркылуу белгиленген.

6-жыйынтык. Паремиялардагы когнитивдик-логикалык параллелдүүлүктөрдүн улут аралык паремиялык пикир-пропозицияларда

берилиши тектеш жана тектеш эмес тилдердин паремияларынын негизинде ачыкталган. Этнос аралык жана бир тилдеги паремиялык пропозицияларды изилдөөнүн булактары катары З.В.Абаева, А.Абдулатов, Д.Т.Айылчиева, У.Асаналиев, Н.С.Ашукин, М.Г.Ашукина, А.А.Гердт, К.П.Гуля, В.И.Даль, И.М.Деева, А.А.Жусупова, С.Закиров, М.Ибрагимов, Я.И.Колонтаров, Х.Карасаев, А.А.Крикман, М.К.Кууси, А.Н.Лисс, В.М.Мокиенко, Г.Л.Пермяков, З.К.Тарланов, В.Фойт, З.Б.Цаллагова, С.Г.Шулежкова, С.К.Эшманова ж.б. паремиологдордун эмгектери пайдаланылган.

5. Сунушталган жыйынтыктардын жаңылык деңгээли.

1-жыйынтык жаңы, анткени тилдеги жана тексттеги параллелдүүлүктүн башаты менталдык дүйнөдө константалык-архетиптик маани катары жайгашып, ойтутумдагы жандаш (ассоциативдик) бирдейлик жана окшоштук кепке жана текстке чыгып өзүнө ылайык материалдык турпатка ээ болорлугу мурунку изилдөөлөрдө толук берилген эмес.

2-жыйынтык жаңы, логикадагы, ой жүгүртүүдөгү, эс казынасындагы жандаштыктар тилдик параллелдүүлүктүн түпкүрүн түзүп, кептеги бирдейликтерге, окшоштуктарга негиз болорлугу бул иште толук кандуу талдоолор жана мисалдар аркылуу далилденген.

3-жыйынтык жаңы, менталдык окшоштук бир тилдик, тил аралык жана эл аралык параллелдүү катыштагы провербиалдык түзүлүштөрдү пайда кыларлыгы көптөгөн тилдерди мисал катары алуу менен тастыкталган.

4-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, анткени параллелдүүлүктүн тилдик негизги кызматтарына ойду тактоочулук, дааналоочулук, обочолонтуп жиктөөчүлүк, өзгөчө белгилөөчүлүк, көркөмдөөчүлүк функциялары буга чейин тил илиминде колдонулуп келе жатат.

5-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, анткени когнитивдик-синтаксистик параллелдүүлүк поэтикалык тексттерге мүнөздүү көрүнүш

экендиги башка эмгектерде, мисалы англис поэзиясын изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринде колдонулуп келе жатканы белгилүү.

6-жыйынтык жаңы, анткени паремиялардагы когнитивдик-логикалык параллелдүүлүктөрдүн улут аралык паремиялык пикир-пропозицияларда берилиши тектеш жана тектеш эмес тилдердин паремияларынын негизинде аныкталган. Этнос аралык жана бир тилдеги паремиялык пропозицияларды изилдөөнүн булактары катары көптөгөн эл аралык булактар иштин илимий изилдөөсүнө биринчи жолу колдонулган.

6. Алынган жыйынтыктардын теориялык жана колдонмо багыттарга тиешелүү маселелерди чечүүдөгү наркы.

Изилдөө жүргүзүүнүн натыйжасында алынган жоболордун жана жыйынтыктардын негизинде тил илиминде тилдик параллелдүүлүктүн жалпы маанисинин, түрлөрүнүн, кызматынын аныкталышы жана изилдөө үчүн металингвистиканын жана когнитивдик тил илиминин жоболорунун пайдаланышы илимий иштин теориялык баалуулугу болуп саналат.

7.Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.

Иштин практикалык мааниси бар, анткени параллелизм кубулушу менен анын мыйзам ченемдүүлүктөрү менен тааныш окуучунун же студенттин кеби ыргактуу, даана жана көркөм болот. Иштеги материалдар практикалык синтаксис, стилистика сабактарында колдонулса болот.

8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарыяланышы.

Диссертациянын негизги мазмуну изденүүчүнүн төмөндөгү илимий эмгектеринде чагылдырылган:

1. Тургунбаева С.Ж. Тексттеги антонимдик параллелдер [Текст] / С.Ж.Тургунбаева//ОшМУнун жарчысы.–2015. -№ 4. –277-279-б. Сайт: www.oshsu. kg

2. Тургунбаева С.Ж. Пропозициально-когнитемное строение пословичного предложения [Текст]/С.Ж.Тургунбаева, Т.У.Каримова// Современные тенденции развития науки и технологий. – 2017. - № 3-5. –110-113-б. Сайт: www. issledo. ru

3. Тургунбаева С.Ж. Об основных подходах к изучению синтаксиса [Текст] / Ж.Э.Элчиев, С.Ж.Тургунбаева// Современные тенденции развития науки и технологий. –2017. - № 3-5. –138 -143-б. Сайт: www. issledo. ru

4. Тургунбаева С.Ж. Макал-лакап сүйлөмдүн когнитивдик маанилик түзүлүшү [Текст] / Ж.Э.Элчиев, С.Ж.Тургунбаева // Языки в диалоге культур. – Бишкек. –2017. –148-150-б.

5. Тургунбаева С.Ж. Когнитивдик-синтаксистик параллелизмдин тил аралык мүнөздө болушу жөнүндө [Текст]/К.З.Зулпукаров, С.Ж.Тургунбаева // Известия вузов Кыргызстана.–2018. -№ 3. –150-152-б. Сайт: www.science-journal.kg

6. Тургунбаева С.Ж. Паремиялардагы параллелдүүлүк жана анын фрейм жана сценарий түзүүдөгү ролу [Текст]/С.М.Амиралиев, С.Ж.Тургунбаева // Известия вузов Кыргызстана. –2018. -№ 3. –185-187-б. Сайт: www.science-journal.kg

7. Тургунбаева С.Ж. Синтаксистик параллелдүүлүктү жаратуучу кээ бир каражаттар [Текст]/Г.Ж.Абдимиталипова, С.Ж.Тургунбаева//Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. –2018. -№ 5. –201-205-б. Сайт: www.science-journal.kg

8. Тургунбаева С.Ж. Паремиялык пропозициянын дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөтүндөгү орду [Текст]/С.М.Амиралиев, С.Ж.Тургунбаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. -№ 5. –210-212-б. Сайт: www.science-journal.kg

9. Автореферaттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.

Авторефератта диссертациянын негизги мазмуну кыскача чагылдырылган. Автореферат диссертацияга шайкеш келет.

10. Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негиздемеси.

Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын «Тексттеги синтаксистик параллелизм» аттуу 10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча эксперттик комиссиянын төрайымы, филология илимдеринин доктору, профессор Ч.К. Найманова төмөндөгүлөрдү сунуш кылат:

Жетектөөчү мекеме катары: Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер, Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институту сунушталат.

Биринчи расмий оппонент –Найманова Чолпон Капаровна, Кыргыз-Түрк Манас университети, Батыш Тилдер бөлүмүнүн башчысы, ф.и.д., проф.

Илимий эмгектери:

1. Найманова Ч. К. Symbolism in Ann Beattie's "Snow" /Символизм в рассказе Энн Битти «Снег». Научно-методический журнал «Проблемы современной науки и образования» 2016. № 38 (80) DOI: 0.20861/2304-2338-2016-80 Импакт-фактор РИНЦ: 2,13, с. 76-78.
2. Найманова Ч. К. К вопросу о когнитивном подходе к дискурсу. I международный лингвистический симпозиум «Язык, культура, этнос», 17 апрель, 2017, с. 369-375.
3. Найманова Ч. К. Синтаксические особенности рекламного дискурса в английском и кыргызском языках. Вестник Кыргызстана, № 2, 2017, с.132-137.
4. Найманова Ч. К. Discourse Analysis of Ernest Hemingway's "A Day's Wait" /Дискурсивный анализ рассказа Эрнеста Хемингуэя «Ожидание»/.

Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 6, 2018, с. 165-169.

5. Найманова Ч. К., Байжигитова А. Interpretation of the Concept of Success in English and Kyrgyz View of the World (based on proverbs and sayings) /Реализация концепта «успех» в английской и кыргызской языковой картине мира (на основе пословиц и поговорок)/. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 6, 2018. с. 178-181.
6. Найманова Ч. К., Канатбек кызы Асель. Precedent Phenomena in Chingiz Aitmatov's works /Прецедентные феномены в произведениях Чингиза Айтматова /. Сборник научных статей, выпуск 16 «Лингвокультурные аспекты концептуальных исследований». К 70-летнему юбилею доктора филологических наук, профессора Валентины Авраамовны Масловой, Санкт-Петербург, 2018, с. 198-203.

Экинчи расмий оппонент – Хидирова Чолпонай Хабибуллоевна, И.Арабаев ат. КМУ, Манастаануу жана лингвистика институтунун доценти

Илимий эмгектери:

1. Манас" эпосундагы атоочтуктардын синтаксистик функциялары. // Манастын миң жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциянын жыйнагы.- Бишкек, БГУ, 1996.
2. Кыргыз тилиндеги атоочтук формалар жөнүндө. // Түрк тилдеринин тили жана адабиятынын актуалдуу маселелери: Ч.Айтматовдун 75жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциянын жыйнагы.- Бишкек: БГУ, Түркология факультети, 1998.-85-89б.
3. Тутумдаш жана жайылма сүйлөм мүчөлөрү (атоочтуктардын негизинде). //Жаңы кылымдагы кыргыз мамлекеттүүлүгү жана илими. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 3000 жылдыгына арналган регионалдык илимий-практикалык конференциянын материалдары.- Бишкек: СГЭИ БатМУ, 2003.-37-41б.

4. Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастанын да 1,2,4- типтердеги изафеттик түрмөктөрдүн колдонулушу. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. Бишкек, 2016. №7.-284-288 б.
5. Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастанын да 3- типтердеги изафеттик түрмөктөрдүн колдонулушу. // Известия вузов Кыргызстана Бишкек, 2016. №9.-194-200б.

Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын **«Тексттеги синтаксистик параллелизм» аттуу 10.02.19 – тилдин теориясы** адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши КРнын ЖАК тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет жана аталган изилдөө ишинен алынган тыянак-натыйжалар тил теориясы үчүн теориялык жана практикалык маниге ээ. Андыктан И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 10.19.594 диссертациялык кенешинин эксперттик комиссиясынын мүчөөсү Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын «Тексттеги синтаксистик параллелизм» аттуу 10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин ачык коргоого сунуштайм.

Эксперттик комиссиянын төрайымы,
филология илимдеринин доктору,
профессор Ч. К. Найманова

КЕҢСЕ

тастыктайм
ишт. ОК.